**Айдаров Азамат Жекшенбаевич«Статустук мектеп окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

# ПИКИР

Коомубуздун жацы стратегиялык өсүп онүгүшү, билим берүү аймагында компетенттүү мамиленин негизделиши мектеп окучуларын окутуу жана тарбиялоо ишинде дагы бир кыйла өзгөрүүлөрдү алып келүүдө.

Бүгүнкү күндө жаңы типтеги мектептердин билим берүү процессинде экологиялаштырууну башкы максаты катары кароо, экологиялык маданиятты жайылтуу, экологиялык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү, окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо - заманбап билим берүүнүн актуалдуу маселелери катары аныкталып келүүдо. Теманы тандоонун зарылдыгын жана анын актуалдуулугун аныктоодо, диссертант тарабынан көп байкоо жүргүзүлгөн.

Изилдөөчү болочок муундун компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу багытындагы изилдөөлөрдү таанып билип, А.М. Мамытов, Н.А. Асипова, Д.Б. Бабаев, А.А. Алимбеков, А.К. Наркозиев ж.б.окумуштуулардын изилдөөлөрүнө токтолуп, социалдык-экономикалык жана илимий-техникалык өзгөрүүлөрдү эске алып, статустук мектептин жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүнүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын изилдеп чыккан.

Изилдөөдө жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлери аныкталып, аларды жаңы типтеги мектептин (гимназия) практикасына киргизүүнүн эффективдүүлүгү далилденген жана апробацияланган.

Изилдөөнун жыйынтыктары эл аралык, жергиликтуу конференцияларда жана сабактарда апробацияланып, жыйынтыктары 14 макалада чыгарылган (10 публикациялык, 2 - эл аралык, 2- scopus басылмалар).

Изилдөө 3 этапта жүргүзүлгөн жана 2016 - 2022 жылдарды өз ичине камтыйт. Изилдөө киришүүдөн, 3 баптан, 9 параграфтан, корутундулардан, илимий-методикалык сунуштардан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

**Изилдөөнүн объектиси** – статустук мектептердин педагогикалык системасындажогорку класстын окуучуларына экологиялык билим берүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети** - статустук мектептердин жаратылышка багытталган билим берүү ишмердүүлүк процессинде жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунунилимий-теориялык жана практикалык негиздери.

**Изилдөөнүн максаты** – статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо.

Изилдөөнүн проблемасына, максатына, объектисине жана предметине ылайык төмөнкү **милдеттер** коюлду:

1. Окуучулардын экологиялык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык негиздерин талдоо.
2. Статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу жана педагогикалык шарттарын аныктоо.
3. Статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун теориялык моделин жана жана педагогикалык шарттарын эксперимент аркылуу текшерүү.

Изилдөөнүн теориялык негизин педагогикалык илимдин негизги принциптери түзөт. Алар: табиятка шайкештик, өнүгүү, ишмердүүлүктүн субъективдүүлүгү, педагогикалык процесстиин бүтүндүгү, экологиялык тарбия берүүдөгү глобалдык мамиленин өз ара байланышы, дисциплиналар аралык байланыш.

Изилдөөнүн баштапкы жобосу ишмердүүлүк, социалдык-экологиялык, педагогикалык, витагендик (турмуштук тажрыйбага таянган), компетенттик мамилелерге негизделген.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:**

Педагогикалык адабияттарды жана практикалык изилдөөлөрдү талдоонун негизинде статустук мектептерде жогорку класстардын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий негиздери аныкталган. Когнитивдик, керектөөчүлүк-мотивациялык, практикалык-иш аракеттик, эмоционалдык - эрктүү компоненттер менен сунушталган, статустук мектептин жогорку класстын окуучусунун экологиялык компетенттүүлүгүнүн калыптандыруунун модели иштелип чыккан. Статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталып, экспериментте текшерилген.

Изилдөөнүн **практикалык маанилүүлүгү** прикладдык мүнөздү алып жүргөн иштин багыттуулугунда турат, анткени гимназиянын бирдиктүү билим берүүчү практикасы катары өнүктүрүүчү жаратылышка багытталган чөйрөнүн шарттарында жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун милдеттерин практикалык чечүүнүн тажрыйбасын чагылдырылган.

Окутуунун долбоордук-экологиялык иштелип чыккан технологиясын статустук мектептердин жогорку класстын окуучуларынын интенсивдүү таанып билүүчүлүк жана жаратуучулук өнүгүшүнө багытталган, алардын эффективдүү экологиялык даярдыгын педагогикалык камсыздоонун реалдуу негизи катары пайдаланууга болот.

Алынган натыйжалардын аныктыгы жана ишенимдүүлүгү жана алардын негизинде жасалган корутундуларды изилдөөнүн тиешелүү объектисине, предметине, максаттарына жана милдеттерине методдорду, эксперименталдык тандоонун түрүн, гипотезаны тажрыйбалык текшерүүнү колдонуу менен иштин баштапкы параметрлеринин методологиялык негиздүүлүгүн камсыздайт.

Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин изилдөөсү өз максатына жеткен иш, статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун теориялык моделин жана педагогикалык шарттарын аныктаган, диссертациялык орчундуу маселелерин камтый алган, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д: 13.23.662 диссертациялык кеңешинин алдын ала коргоого алып чыгууга сунуштаймын.

**Илимий жетекчи, п.и.д. профессор** **Раимкулова А.С.**

Раимкулова А.С. колтамгасын тастыктаймын. 18.04.2023-ж.
КБ. башчысы: Курманаева К.Б.